КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

---

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) кезексиз**

**IVсессиясы**

**Токтом №01-5/26**

Сүлүктү шаары 28.03. 2025-жыл

**Сүлүктү шаарынын муниципалдык жана кызматтык батирлери үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 24.03.2025ж. №01-7/761 сандагы Сүлүктү шаарынын муниципалдык батирлерин эффективдуу пайдалануу үчүн муниципалдык жана кызматтык батирлери үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн бекитип берүү жөнүндөгү каты боюнча сунуштарды угуп, талкуулап Кыргыз Республикасынын Турак Жай Кодексинин 12-беренесинин 3-бөлүгүнүн, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34 –беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарындагы муниципалдык батирлердин жалпы аянтынын 1м2 на ( бир метр квадратына) 25сом 22 тыйын өлчөмүндө бекитилсин
2. Кызматтык батирлердин жалпы аянтынын 1м2 на ( бир метр квадратына) 26 сом өлчөмүндө бекитилсин
3. Токтомдун аткарылуусун көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: Б.А.Абдуназаров